**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

**Кептик тема: Түрдүү кесип ээлери**
**Грамматикалык тема: -чы мүчөсү**

*Кулмамбетова Бурул Тайгашкаевна*

*2021-2022- окуу жылы*

**Кептик тема:** Түрдүү кесип ээлери

**Грамматикалык материал:** -чы мүчөсү

**Сабактын максаты:** -чы мучөсү менен кесипти билдирүүчү сөздөрдү жасоону билишет;
Кесиптердин өзгөчөлүктөрүн айтып бере алышат;
Кесип тандоо жөнүндө өз пикирлерин билдиришет, бирөөгө каалоо же кеңеш берүүнү уйрөнүшөт.

Кыргыз тилинде сабаттуу жазууга көнүгүшөт.
Кыргыз тилинде ө,ү,ң тыбыштары катышкан сөздөрдү катасыз жазууга жана туура окууга калыптанышат.
Бири-бирин урматтоого калыптанышат.

**Күтүлүүчү натыйжа:** -чы мүчөсүнүн варианттарын сөздөргө улаганды билишсе;
Кесип тандоодо өз ойлорун айта алышса, түрдүү кесип ээлерин билишсе;
Берилген конүгүүлөрдү иштей алышса сабак максатына жетет.

**Сабактын жабдылышы:** проектр. ватман, маркер, сүрөттүү карточкалар

**Сабактын тиби:** Алган билимдерин бышыктоо

**Сабактын формасы: Өз алдынча иштөө**

**Сабактын жүрүшү**

1. Уюштуруу иши ( Окуучуларга жагымдуу маанай тартуулайм)

**2.**Үй тапшырмасын текшерем

| Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш аракети |
|---|---|
| Көрсөтүлгөн слайд аркылуу окуучулар өтүлө турган сабактын аталышын түрдүү божомолдор аркылуу баяндашат.Мен айтылган сунуштарды толуктоо менен сабактын максатын балдарга айтып берем.<br><br>Окуучулар берилген сүрөттүү карточкалар аркылуу 1чи тапшырманы аткарышат.<br><br>Төмөнкү сөздөргө -чы мүчосүн улап жазгыла.Карточкаларда ар кандай сөздөр жазылган.Окуучулар ал сөздөргө -чы мүчөсүнүн варианттарын улоо аркылуу ар кандай кесип ээлерин табышат.<br><br>Котормо …, ыр…, китепкана …, куруу …, сатуу …, эсеп …, тергөө .., жазуу …, | Окуучулар сабактын темасын угушат. Максатын түшүнүшөт.<br><br>Сабакка активдүү катышышып, өзүлөрүнүн алган билимдерин корсөтө алышат |

| | |
|---|---|
| жумуш …, сак …, тигүү …, кароол …, жылкы … өрт өчүрүү …,<br><br>2- тапшырма. Сүрөттү карагыла. Кандай кесиптин ээлерин көрүп турасыңар?Төмөнкү көрсөтмөнүн негизинде жооп берип,өз оюңарды бөлүшкүлө.<br><br>3- тапшырма.<br>Төмөнкү сөздөр кайсы кесипке тиешелүү?<br><br><br>Окутат, тарбиялайт, үйрөтөт.<br>Эт туурайт, сабиз аарчыйт, суу кайнатат, тамак бышырат.<br>Сурайт, тергейт, укугун коргойт.<br>Чач кыркат, чач тарайт.<br>Кездеме кесет, кийим тигет.<br>Ийне саят, дарылайт, сакайтат.<br>Сүрөт тартат.<br>Үйлөрдү курат, кыш куят.<br><br>4- тапшырма.<br>Чакан текст окуп берем.Окуучулар текст боюнча, ким кандай кесиптин ээси экенин эстерине тутуп, айтып беришет. | Котормочу,ырчы, китепканачы, куруучу.сатуучу, эсепчи, тергөөчү, жазуучу, жумушчу.сакчы, тигүүчү, кароолчу, жылкычы, өрт өчүрүүчү.<br><br><br><br><br><br>Ашпозчу ашканада тамак жасап жатат.<br><br>Бул мугалим. Ал балдарга сабак өтүп жатат.<br><br>Бул сүрөтчү. Ал сүрөт тартып жатат.<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>Айбек дарыгер болуп иштейт.<br><br>Элдияр айдоочу болуп иштейт.<br><br>Аселдин кесиби изилдөөчү, бирок ал сүрөтчү болуп иштейт. |

**Тапшырмалар аткарылып бүткөн соң, берилген корсөткүчтөрдүн негизинде окуучулардын билимдери бааланып, тиешелүү баалары коюлат.**

**Сабакка активдүү катышканы үчүн Валерияга «5»**

**Олесяга «5», Залинага «4».**

**Үй тапшырма берилет: Кесип тандоодо кайсы эң маанилүү өзгөчөлүктөргө таянасынар?**

**Өз алдынча оюңарды жазгыла.**